УДК 301+37

ШАКИТОВ Ш.
*Ж.Алышбаев ат. Ысык-Көл кооперация институту*

# ТУКУМ КУУЧУЛУК ТАГДЫРЫБЫЗДАГЫ ОКУТУУ–ТАРБИЯЛООНУН АБАЛЫ

Рынок экономикасынын тушунда жашоодобуз. Ал турмушубуздун бардык чөйрөсүнө, айрыкча, саясатка, экономикага жана илимге тездик менен кирип келүүдө, жаңы-жаңы түшүнүктөргө кез келдик (бажы, фискалдык саясат, спикер, оппозиция, бизнес, лизинг, нувориш (жаны байлар); адамдын репродукциясы боюнча илимий борбор, изилдөөнүн (текшерүүнүн) жашыруун кабинеттери, СПИДге каршы күрөшүүнүн областтык жана республикалык борборлору, үй-бүлөлөрдү тейлөөчү врачтар тобу ж.б.). Булар адистердин иш-аркеттерине акырындап отуруп жетти десек болоор. Бирок алар жалпы элибиздин аң-сезиминен толугу менен орун алды дештен азырынча алыспыз.

Рынок экономикасынын, саясаттын, айрыкча, илимдин жетишкендиктерин областтык жана республикалык жалпы мазмундагы басма сөз каражаттары кенен, толук, ар жактуу, системалуу, масштабдуу, адистик форма жана мазмунда анча чагылдыра алышпайт. Анткени журналисттерибиздин ахыбалдары ошондой. Мисалы, медицина, илим, техника ж.б. адистешкен журналисттер жокко эсе. Бул өндүү темадагы материал жарыялаш үчүн алар, сөзсүз, адистерге кайрылууга мажбур болушат. Аталган милдеттерди адистик деңгээлде чечип, окурмандарды өз боюна тартууда тармактык газета-журналдардын улам көбөйүп жатышы - мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондойлордун бири - «Генофонд» темасы. Муну эски, мурда калыптанып калган көз караштар менен жеткире түшүндүрө албайсың, ага жаңыча мамиле керек. Генофонд эки уңгудан куралган. Биринчиси - «ген» (грекче «генос»). Ал, биринчиден, тукум куучулуктун материалдык негизи; экинчиден, тукум куучулуктун маалымат (маалымдоочу) бирдиги же тукумду кайталап жаңыртуу жөндөмдүүлүгү; үчүнчүдөн, организмдин тигил же булл касиеттеринин жана белгилеринин муундар арасындагы тукумдук жолун жолдоочулугун камсыз кылат. Экинчиси - «фонд» (латынча-«фундус», французча «фонд». Демек, французДар «фундусту» «фондго» айландырышкан):

- запас топтоо, капитал дегенди түшүндүрөт;
- белгилүү нерсеге жумшалуучу, бир максатты көздөгөн акча же материалдык каражаттар;
- материалдык жана финансылык жардам көрсөтүүчү мекеме, уюм (кайрымдуулук, балдарды, Ысык-Көлдү, тынчтыкты коргоо фондулары) ж.б.

Көпчүлүк окурмандар «фонд» дегенде ушул туюнтмаларды эске алышат. Андай болгондо генофонддун эки уңгусу бирин бири толуктай албай, айкалышпай калышат. Ошондуктан бул жерде «фонд» социалдык эмес, физиологиялык мааниде алынган. Генофонддун экинчи уңгусу дезоксирибонуклеин кислотасы (ДНК), мында организмдин негизги белгилери шартталган кариотин (хромосомдордун саны, көлөмү, формасы), мейоз, митоз (клеткалардын бөлүнүш учуру), хромосомдор менен тикеден-тике байланышат. Демек, генофонд - популяциядагы ар түрдүү гендердин ар түрдүү формаларынын саны, көлөмү,

курамын кучагына алган татаал система. Генофонд процесстери микрокыймылдын деңгээлинде жүргөндүктөн, аларды көз менен байкоого эч мүмкүн эмес.

Генофонддо али ачыла элек терең сырлар бар. Ачылгандары деле окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Ушундан улам «Генофонд» философиялык терең маанилүү, салмактуу, илимий даражалуу, келечектүү атты өзүнө тандап алган.

Генофонд маселеси ири беш проблеманын тегерегинде иштесе: биринчиси – улуттук генди сактоого салымын дайыма кошсо; экинчиси - тукум куучулук менен өзгөрүлмөлүүлүктүн карым-катышындагы процесстерди изилдеп, окурмандарына өз сунуштарын системалуу түрдө берип турса; үчүнчүсү - элдин калың массасына медициналык, агартуучулук, тарбия берүүнү орундатса; төртүнчүсү - элдин, айрыкча, жаштар арасында социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүп, жугуштуу оорулардын динамикасын аныктаса жана оорулардын алдын алуусун өркүндөтүүгө көмөктөш болсо, бешинчиси - адамдардын, өзгөчө, наристелердин ден-соолугу, улуттун келечеги, таза коом, социалдык, экономикалык, тарбиялоо, билим берүү проблемаларын чечүүнүн бирден-бир ачкычы экендигин аны эстүү ар бир инсандын, жаш ата-энелердин, ан-сезимине жеткирсе.

Аталган проблемалар бири-бирине тыгыз байланыштуу бир түйүндүүлүктү түзөт, бири бузулса, баары бузулат.

Пайда болуп, дүйнөгө тарап келе жаткан жылдары СПИД жөнүндө оозубузду ачып, «ушундай да оору болот экен» деп таңданчубуз. Эми ал бизге келмек турсун, «сүйүшүп-күйүшкөндөрдүн» жылуу төшөгүнөн улам көбүрөөк орун алууда. Аны менен жабыркагандар азыр алакандай Кыргызстанда мурда ондоп, жүздөп саналса, эми миңдеп зилдеп баратат. Өлүмгө учурагандары да бар. СПИДге чалдыккан айрым эне-аталардан наристелерге өтүп жатышы элди сестендирет. Себеби адамдын иммундук жетишсиздигинен (тартыштыгынан) келип чыккан вирус (жыныстык жактан жугуштуу ооруну козгоочу микроб) муундан-муунга өтүүдө. Ансыз деле жугуштуу оорулардын түрү сансыз: гонорея, кандидоз, котон жара (кан-жел – сифилис) микоплазмос, трихомониаз, хламидиоз ж.б. Күндө бул оорулардын бирөө гана бир эле адамга жукса, бир, он, элүү, жүз жылда улуттун тагдыры кандай болооруна көз жүгүртүп көрүүнү «коркпогондорго» сунуштаар элек.

Массалык кыргын салуучу атом ж.б. бомбасынан коркобуз. СПИД алардан калышпайт. Атом бомбасы күнүгө эле жарылбайт. СПИД миңдеген адамдардын өмүрүн күнүгө алган, өлкөлөрдүн келечегине, улуттук, мамлекеттик коопсуздукка, социалдык–экономикалык, саясий туруктуулугуна, демографиясына, психологиясына, тукум куучулукка, тарбиялоосуна жана билим берүүсүнө чоң-чоң зыяндарды алып келген оору катары анын саны улам өсүп жаткандыгынан коркпойбуз, кайдыгербиз, күчтөнүп коңгуроо какпайбыз. Атом бомбасын колдонууну болтурбай коюуга жетишкенбиз – СПИД менен күрөшүүдө жеңилип келебиз.

БУУнун маалыматтарына таянсак, дүйнө жүзү боюнча СПИДден 20 миллиондон көбүрөөк адам өлгөн (1941-1945 –жылдардагы кандуу согушта СССР ушунча адамынан ажыраган). Ар бир 14 секундда 15-20 жаштагылар ВИЧ инфекциясына кабылат, натыйжада, алардын саны күнүгө 6 миңдей адамга көбөйүп турат. Жугуштуу, коркунучтуу мындай ооруга чалдыккандардын

жарымынан көбү 25 жашка чейинкилер, негизинен, окуучулар менен студенттер.

СПИД эпидемиядан глобалдуу пандемияга өтүүгө аракеттенүүдө. Аларды жаштар арасына таркатуучулар көбүнчө баңги баштар, гомосексуалисттер (булардын ачык жайылышына чечкиндүү каршы чыгышып, Бишкектин жаштары пайдалуу иштерди турмушка ашырды, дагы ашыра беришсе экен), жаңы «адистикке» ээ болушкан сойкулар; айрым мигранттар (СПИДди жуктурууга олдоксон, «байкабай калган» кээ бир медиктер да себепчи). Мектептер жана ЖОЖдор буларга элибиз жана коомубуз күткөндөй тарбия–таалим, билим бере алышаар бекен?

Жумушсуздук, жакырчылык; жыныстык, моралдык тарбиянын жугумсуздугу; оорунун тездик менен жайылып келатканына мамлекеттик, парламенттик, өкмөттүк, жалпы коомдук деңгээлде баа берүүчүлүктүн, алдын алуучулуктун жетишсиздиги да СПИДдин жайылышындагы башкы себептердин башында тургансыйт.

Жыныстык оорулардын айрымдары айыккыстардын катарына кирет дешип, колдорун жайып, мүңкүрөп калышат медиктер. Ал бүгүнкү mединанын алсыздыгы, эртеңки медицина эртеби-кечпи бардык оорулардын амалын табаарына ишенебиз. «Дартты берген Кудай, дабасын, дарысын кошо берет». Диний мазмундагы бул макал дарылоодо фармакологиялык рецепт бералбайт. Бирок анын философиясы күчтүү –оптимисттик көз карашы менен келечектен үмүттөндүрөт.

«Айыкпас» ооруларга жолуккандарга келечек качан келет? Ага чейин дагы далайды көрчүдөйбүз. Башкалары аз келгенсип, эми оорулардын жаңы түрлөрү да пайда болууда. Бул шишип кетүүдө айрыкча байкалууда. Кочкордун отузга келип калган кызы Наздагүлдүн тагдырын азыр республика билген менен, медиктер анын шишигине «ат коюша» албай, диагнозун билбей турушат. Наздагүлдө үч шишик бар. Алардын эң чоңу оң колунун чыканак муунунда. Аны көргөндүн жүрөгү титирейт: кан-жининен ажырай элек койдун карынындай төмпөйүп, бөлүк-бөлүк болуп жатат. СПИД, рак ж.б. оорулардай адамдардын түшүнө да кирбеген шишиктер да кокус жайылса «жакшы болуп кетерине кепилдик бералбайбыз», «бычак тийгизгенге болбостугун» бетибизге кармап, отура беребизби?

Анысы аз келгенсип, кургак учук (туберкулез) жайылууда. Ар бир миң кишинин отузу жабыркаса, Кыргызстандын алты миллионго жакын калкынын канчасы жугуштуу бул оору менен азыр алышып жаткандыгын эсептөөгө анча деле акылдын кереги жоктур.

«Музоо атасын таанbыбайт» - атасыз төрөлгөн байкуш балдардын айрымдары таштандылар арасында, дааратканаларда, коңулдарда, подвалдарда, эшик алдында, аялдамаларда ж.б. калууда. Алардын тирүү калгандарынын дене, психологиялык, моралдык абалы келечекте кандай болот? Улутубуздун тукум куучулук тагдырына кандай таасир берет? Булар - суроолордун суроосу. Аларга ким кандай жооп берээр эле. Аталган проблемаларды чечүүнү анда-санда өтүүчү семинарлар, конференциялар, симпозиумдар, токтомдор менен алдоого болбостур.

Шаарга окууга же ишке орношконго кеткен жаштар ата-эненин көзөмөлүнөн да кетүүдө. Алар өздөрүн өзү билип, алданып, секстин утурумдук, жалган жыргалына туш болууда.

Жаштарыбыздын баары эле ушундай жүрүм-турумда дегенден алыспыз. Же окуп билим албай, же ишке орношалбай, же орношкусу келбеген, ара жолдо жүргөндөр да аз эмес. «Жаштык экен бул дүйнөнүн жыргалын» ырдашып, чардашып, майрамдашып, тайраңдашып, эки күндүн биринде туулган күндөр менен көрүшүп, өбүшүп, чөгүшүп жүрүп, кимисинен боюна бүткөнүн билбей төрөгөндөрдүн наристелеринин тагдыры кандай күндөргө кабылып жаткандарына күбөбүз. «Төрөлгөн бала жазыксыз», ал да чоңоот. Балдар коллективине кошулат. «Никесиз төрөлгөнсүң, атаңды билбейсиң, жетимсиң» сыяктуу ачуу сөздөрдү угуу бала үчүн абдан оор учурлар – ал басынат, чүнчүйт, жүдөйт. Акыры үй-бүлөдөн, коомдон четтегендери да бар. Андайларды тарбиялоо, окутуу – азап–тозоктуу процесстер.

Жогоруда генофонд жөнүндө азыноолак кеп кылдык. Кадыресе күндөлүк турмушунда ошого карата элибиздин мамилеси кандай болгонуна бир аз ой жүгүртөлү. Бала начар чыгып калса, «жатынданбы же сийдигиненби? деп суроо салучу; «Көргөн-өскөнү бузук» дешип, балалык жүрүм-турумга баа беришкен. Биринчи суроо тукум куучулук, экинчиси жаңы муунду социалдаштыруу, педагогикалаштыруунун абалына байланыштуу –энеси, атасы, таенеси, таятасы жарыша тамеки тартышса, декалитрлеп аракты күндө, жума, ай сайын, жылы,өмүр бою тынбай ичишип, шам-шум эткени баңги заттар болсо, анан кантип генофонд бузулбайт, талкаланбайт? Ошондой кесепеттердин натыйжасында, Ысык-Көл областтык ооруканасынын жогорку категориядагы терапевти жана рентгенологу, көп жылдык тажрыйбага ээ Кеңеш Исаевдин байкоосунда, мээнин капкагы, курсагынын териси жок, колу же буту узун-кыскалуу, ичегиси 15-20 см. узун, табигый ордунан жылып, төмөн түшүп кеткендер, башын көтөрө албай калчылдап, оңго чейин да санай албаган кем акылдар, шал, талмалуулар, дудук, сокур, дөдөйлөр, мунжулар төрөлө берсе, мамлекетти мындай кое туралы, улутубуздун келечектеги тукум куучулук тагдыры кандай болоорун ойлондуңуздар бекен, кутмандуу элим, жаңырган жаштар, суйкайган кыздар, солкулдаган жигиттер, ата–энелер, коомчулук?!

«Карынын кебин капка сал»! Макул, нускалуу карыялардын алтын сөздөрүн жыйнап алалы. Ал эми богооз, аракеч, пиянкеч, зыянкеч карыялардын кайсы кебине наристелер, өспүрүмдөр, жаштар эрип-эпчип кетишээр экен? Ушундайларды көргөн-уккан жаш муун алардан кандай тарбия алышат?

«Өз акылың өзөк менен тамыр, киши акылы кишен менен тушоо». Ар кандай салыштыруу - кемчиликтүү. Бирок бул макалдын тарбиялык терең мааниси бар. Ойго, бойго жеткен ар бир адамдын өзүн өзү тарбиялоосу бирөөнүкүнөн алда канча жугумдуу, натыйжалуу жана ал улутубуздун тукум куучулук тагдырына оң таасирин тийгизбей койбойт.

Социалдык–экономикалык көптөгөн проблемалар боюнча бийлик менен элдин көз караштары айкалышпай, эл чайналган, кыйналган, кордолгон, коомдук акыйкатсыздыктарды башынан кечирген, оор турмуштарга кириптер болгон учурлары тарыхта аз эмес.

Географиялык, климаттык шарттарды эске албай, эл менен пикирлешпей, Н.Хруүов акебиз Кольскиден Курильдер аралдарына чейин жүгөрү эктирип, өзүнүн волюнтаристтик саясатын элге, чарбаларга таңуулаган, аларды кыйнаган. Бирок мындан кем эмес волюнтаризмди М.Горбачев да «баатырлык» менен

турмушка ашырган: Орто Азия, Түндүк Кавказ, Ставрополь крайы, Молдавия, Украинада миңдеген гектарлардагы жүзүмдү тамыры менен жулдуруп, алкоголизм менен күрөшкөн, арак өндүрүүгө тыюу салган. «Күрөштүн» натыйжасы ал ойлогондой болбой эл жапырт самогон кайнатууга өткөн; үйлөр гана эмес, көчөлөр «атыр» жыттанып калган. Самогонду сатып–өткөрүүгө өспүрүмдөр да тартылган; кант чукулунан кымбаттаган – анын кесепети ушул күнгө чейин элге тийүүдө. Буга да эл ыйлай–сыктай чыдап келатат. Эң жаман мүшкүлү - ошол мезгилде туулган Самашбектерден, Самашкандардан азыр жогоруда эскерилген байкуш наристелер да төрөлгөндүгү. Самаш менен талкаланган генофонддон жабыркаган ымыркайлар, наристелер, тестиерлер, өспүрүмдөр үчүн М.Горбачев, анын орбитасында жүргөндөр да тикеден-тике күнөөлүү. "Улугу калыс болбосо, убара болгон эл карып". Эл эле эмес, андан берки бүтүндөй бир муундун өкүлдөрү карыпчылыктын күнүн көргөнсүйт, суусун ичкенсийт.

Ошентип, бүкүрөйгөн саясат, бузулган экология, бүлүнгөн салт ж.б. себептер атайын мектептердин, ооруканалардын көбөйүшүнө алып келди. Андайлардын бири - Ысык-Ата районунун Ивановка айлындагы «Балдардын психикалык бейтапканасы». Анын айрым кызматкерлерин угуп көрөлүчү. Гулнара Абдиева, оорукананын башкы дарыгери:

- Акыл–эстин кемдиги, аутизм, жин оорусу, колу туткактык, өзүн-өзү өлтүрүүгө аракет кылуу, талма, тентип кетүү, шал оорусу менен жабыркагандар ж.б. бизде дарыланышат. Булардын ичинен аутизм, жин оорусу, кем акылдык ж.б. тубаса оору болгондуктан, балдар биротоло айыкпайт. Кыргызстанда аталган илдеттер менен ооруган балдар толтура – жети дубандан тең 5-16 жаштагылар бизге дарылануууга келишет. Оорукана 40 гана орунга эсептелгендиктен, жабыркаган балдардын баарын бир эле убакытта кабыл алалбайбыз.

Ооруканада балдар 1-3 ай дарыланышат. Андан соң ден-соолугу аз да болсо оңолуп калгандардын айрымдары үйлөрүнө кетишет, же балдар үйлөрүнө, же интернаттарга жөнөтүлөт; 16 жаштан өткөндөр Чым-Коргондогу психикалык ооруканага которулат. Ушуларга байланыштуу эң эле татаал проблемалар пайда болот: өз канынан жаралган оорулуу тукумунан тажаган, мерез айрым эне-аталар балдарын кабыл алуудан баш тартышат, «бизге кереги жок, кайра алып кеткиле» дегенге чейин барышат. Кээлери адресин жашырышып таптырышпайт. Мындай учурларда милициянын жардамына муктаж болобуз.

Замира Айтбаева, оорукананын медайымы:

- Ишибиз абдан оор. Психикалык жактан балдар оорулуу болгондуктан, алар агрессивдүү келишет: ойногондо оюнчуктарды ж.б. талашып, жулкулдашып, сындырып, бүлүндүрүшүп да жиберишет; урушуп, бири бирине кол салган учурлар кезигет; түндөсү көпчүлүгү укташпайт. Түнкү үчтөн кийин оорулары кармайт – дары берип, ийне сайып, балдардын да, биздин да тынчыбыз кетет.

Аянычтуу ушундай шарттарда иштешкен дарыгерлерге, тарбиячыларга, педагогодорго кандай ыраазычылыктар, сыйлыктар, урматтоолор туура келет? Аларды өлчөөнүн приборлору барбы?

«Ооруканалар, интернаттар, мектептер үчүн мынча сом бөлүндү, тигиндей эмеректер, медприборлор, жабдуулар алынды, имараттар курулду» менен эле маселелер чечилип калса эмне. Балдардын келечектеги тагдырына салыштырганда бул сыяктуу майда–барат иш-чаралар, баш-аягы билинбеген реформалар тиешелүү

проблемаларды чече албастыгы көрүнүп калды.

«Кайда барсаң – Мамайдын көрү» дешчү эле. Азыр деле адамдардын көрү азайбастан, көбөйүүдө. КРнын демографиялык маалыматтары көрсөткөндөй, акыркы беш жылда беш жашка чейинки балдарын өлүмү төмөндөгүдөй көрсөткүчтөргө ээ болду.

Республикабыз боюнча 2008-ж. - 3976 наристе чарчады, 2009-ж. - 3923, 2010-ж. -3909, 2011-ж. - 3633, 2012-ж. - 3591, 2008-2012-жж. - 18932.

Наристелердин өлүмүнүн негизги себептери:

- нерв системасынын оорулары, жылдар боюнча - 74, 68, 54, 33, 32 =261;
- жаңыдан пайда болгон жугуштуу жана мителүү оорулар - 199, 166, 149, 170, 145=829;
- тубаса оорулар, хромосомдогу бузулуулар жана деформациялар - 385, 363, 421, 405, 420=1994;
- дем алуу органдарынын оорулары - 483, 484, 496, 417, 425=2305;
- төрөлө электе пайда болгон айрым абалдар - 2194, 2203, 2107, 2016, 1959=10479; 2008-2012-ж.ж.-5868 ж.б.

Аз сандуу эли бар республикабыз үчүн бул - чоң трагедия. Балдардын олуттуу ооруларын айыктыра албасак, өлүмүн азайтууга күчүбүз жетпесе, «балдар – биздин келечегибизге» шек келтирип, демографиялык кырдаалды көзөмөлдөн четтетип жиберебизби?!

Республикабызда, область, райондордо улам бир кайгыга экинчиси – үчүнчүсү –онунчусу кошулууда. Ысык-Көл областынын МАИсинин маалыматтарына ылайык, 2009-2013-жж. 2015 жолтранспорт кырсыгы катталган: анын кесепетинен 627 адам көз жумган, 3345и жарадар болгон. Мунун ичинен балдар кириптерленген кырсык - 408: 72 бала жарык дүйнө менен кош айтышкан, 418и жарадарлар. Бул аз келгенсип, 2009-2014-жж. өзүн өзү өлтүргөн өспүрүмдөрдүн саны 95ке жетти.

2014-ж. 3 айында эле укукту ар кандай бузулуулар боюнча областта 461 өспүрүм профилактикалык каттоого алынды. Алардын 354ү - окуучулар. Бир жагынан, балдардын оорулары кыстаса, экинчи жагынан, алардын өлүмү кыйнаса, үчүнчү жагынан, тартип бузуучулардын катары өспүрүмдөр менен толуктала берсе, улутубуздун тукум куучулук тагдырындагы окутуу–тарбиялоонун, дарылоонун абалы кандай болмокчу? Бул суроого кайраттуу, чечкиндүү жоопторду чөп башылаган изилдөөлөрдөн, реформалардан, мектептерден, ЖОЖдордон, медицина мекемелеринен эле күтө берүү өзүн актабай калды. Алар колунан келгендерди жасоодо. Бирок бардык проблемаларды ыкчам чечүүдө алардын мүмкүнчүлүктөрү азыркыдай экономикалык саясий шарттарда чектелүүдө. Абалды чаржайыт коө бербей, ар тараптуу, обңективдүү изилдөөлөрдү жүргүзүп, оптималдуу чечимдерди, мыйзамдарды, план-программаларды кабыл алуу ЖКнын функциясына кирсе керек. Ошондо окутуу-тарбиялоо, медицина, маданият, спорт, кызматкерлери, эне-аталар, эмгек коллективдери, күч органдары, аскер комиссариаттары ж.б. конкреттүү, орчундуу, келечектүү, бирдиктүү максаттарды, комплекстүү милдеттерди турмушка ашырышы мүмкүн. Экинчиден, кара таандай каптаган волонтерлор менен укук коргоочулардын мамлекет үчүн пайдасынан зыяны көбүрөөктөй байкалат – алардын ишмердүүлүгүнө эл анча деле муктаж эместей. Ошондуктан чет элдиктердин

каржылоосундагы «борго байлангандардын кызматынан» көрөкчө, Совет доорундагы эң таасирлүү, эң авторитеттүү, эң массалуу «Билим» коомун калыбына келтирсе, эл чарбасынын бардык тармактары боюнча анын пайдасы көбүрөөк тиет эле. Себеби экономикалык–социалдык ар бир чөйрөгө адистешкендер –мугалимдер, медиктер, акын, жазуучулар, журналисттер, окумуштуулар, депутаттар, искусство, күч органдарынын кызматкерлери ж.б. бар. Алар агартуучулукка, тарбиялоого, дабачылыкка, тукум куучулукту жөнгө салууга, дени сак муун үчүн жапырт күрөшүп, таза коомдун келечегине чоң-чоң салымдарды кошмок – «Жалпы көтөргөн жүк жеңил». Аккуу, чаян, балык боло берүүнүн мезгилин минимумга чейин азайтып, дени сак муунду окутуу–тарбиялоо, оорулардын алдын алуу, айрыкча, балдардын проблемалары күн тартибинде турат!